“Бекитемин”
ОшМУнун ректору
ф-м.и.д., профессор К.Г. Кожобеков
_______________
“___” _____________ 2023-ж.

**Ош мамлекеттик университети тарабынан бекитилген академиялык ишмердүүлүктү баалоо жана шыктандыруу боюнча кошумча сыйлоо жобосуна тиркеме**

**Тиркеме №3**

31.01.2023-жылы бекитилген академиялык ишмердүүлүктү баалоо жана шыктандыруу боюнча кошумча сыйлоо жобонун №2-тиркемесинин 21-пунктынын 2-бөлүгүндө көрсөтүлгөн Скопуста индекстелген журналдарга чыккан макалалардын Quartile карап комиссиянын чечиминин негизинде ректор тарабынан 1 жолку акчалай сыйлык ыйгарылат. Ушул пункттун негизинде Quartile карап акчалай сыйлыктардын өлчөмү көрсөтүү жана аныктоо.

**1.** Скопус базасында индекстелген журналдардын Quartile Q1, Q2, Q3, Q4 болуп категорияларга бөлүнөт.

**2.** Ош мамлекеттик университети Q1, Q2, Q3, категориясындагы журналдарга чыккан макалаларга жыл бою кошумча биреле турган сыйлык акынын сыртында дагы жыл жыйынтыгы боюнча 1 жолку акчалай сыйлык ректор тарабынан ыйгарылат.

**3.** Q1 категориясындагы журналга жарыяланган макала үчүн университет тарабынан биринчи автор болсо 75 000 (жетимиш беш миң) сом бир жолку сыйлык ыйгарылат. Q1 категориядагы журнал КМШ жана Орто Азия мамлекеттеринен сырткаркы өлкөлөрдө жарыялана тургандар. Журналдын тили англис тилинде жана макала да англис тилинде болушу керек. (Эгер жарыяланган макала КМШ жана Орто Азия мамлекеттеринен сырткары өлкөлөрдө Q1 журналында жарыяланып тили англис тилинде болбосо мисалы Туркияда түрк тилинде, Пакистанда урду тилинде, ал авторлорго биринчи болсо 15 000 (Он беш миң) сом сыйлык берилет. Ал эми экинчи автор болсо анда 10 000 (Он миң) сом гана берилет)

**4.** Q1 категориясындагы журналга жарыяланган макаланын экинчи жана андан кийинки орундагы авторлоштору болсо, анда 50 000 (элүү миң) сом ыйгарылат. Бирок ага жогорудагы 3-бөлүкчөдөгү шарттар жана талаптар коюлат.

**5.** Q2 категориясындагы журналга жарыяланган макала үчүн университет тарабынан биринчи автор болсо 50 000 (элүү миң) сом бир жолку сыйлык ыйгарылат. Q2 категориядагы журнал КМШ жана Орто Азия мамлекеттеринен сырткаркы өлкөлөрдө жарыялана тургандар. Журналдын тили англис тилинде жана макала да англис тилинде болушу керек. (Эгер жарыяланган макала КМШ жана Орто Азия мамлекеттеринен сырткары өлкөлөрдө

Q2 журналында жарыяланып тили англис тилинде болбосо мисалы Туркияда түрк тилинде, Пакистанда урду тилинде, ал авторлорго биринчи болсо 15 000 (Он беш миң) сом сыйлык берилет. Ал эми экинчи автор болсо анда 10 000 (Он мин) сом гана берилет)

**6.** Q2 категориясындагы журналга жарыяланган макаланын экинчи жана андан кийинки орундагы авторлоштору болсо, анда 25 000 (Жыйырма беш мин) сом ыйгарылат. Бирок ага жогорудагы 5-бөлүкчөдөгү шарттар жана талаптар коюлат.

**7.** Q3 категориясындагы журналга жарыяланган макала үчүн университет тарабынан биринчи автор болсо 25 000 (Жыйырма беш миң) сом бир жолку сыйлык ыйгарылат. Q3 категориядагы журнал КМШ жана Орто Азия мамлекеттеринен сырткаркы өлкөлөрдө жарыялана тургандар. Журналдын тили англис тилинде жана макала да англис тилинде болушу керек. (Эгер жарыяланган макала КМШ жана Орто Азия мамлекеттеринен сырткары өлкөлөрдө Q1 журналында жарыяланып тили англис тилинде болбосо мисалы Туркияда түрк тилинде, Пакистанда урду тилинде, ал авторлорго биринчи болсо 10 000 (Он миң) сом сыйлык берилет. Ал эми экинчи автор болсо анда 5 000 (Беш миң) сом берилет)

**8.** Q3 категориясындагы журналга жарыяланган макаланын экинчи жана андан кийинки орундагы авторлоштору болсо, анда 15 000 (Он беш миң) сом ыйгарылат. Бирок ага жогорудагы 7-бөлүкчөдөгү шарттар жана талаптар коюлат.

**9.** Q4 категориясындагы журналдарга жарыяланган макалага бир жолку ыйгарыла турган акчалай сыйлык каралбайт. Бирок ал макалалар жыл бою кошумча бериле турган сыйлык акы менен берилет.

**10.** Автордук топто экинчи же андан кийинки орундарда ОшМУнун бир нече кызматкерлери болгон учурда сыйлык акы тең бөлүнүп ыйгарылат.

Илим жана инновация бөлүмүнүн башчысы, доцент Н.Курбанбаева

**Макулдашылды:**

Өнүктүрүү жана инвестиция иштери боюнча
проректор, э.и.д., профессор К.Токторов

Илим жана инновация боюнча проректор,
ф-м. и. к., доцент Р. Арапбаев

Пландоо-финансы бөлүмүнүн башчысы Д.Курбанбаева